УДК 070.19

**Ысырайылова Назгүл Сансызбековна**
И.Арабаев атыдагы КМУнун аспиранты
**Ысырайылова Назгүл Сансызбековна**
аспирант КГУ им. И.Арабаева
**Ysyrailova N.S**
Post-graduate student of KNU after I. Arabaev

# МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮК МЕНЕН ЖАШТАШ КЫРГЫЗ БАСМА СӨЗҮНҮН ЭВОЛЮЦИЯЛЫК ЖОЛУ

# ЭВОЛЮЦИОННЫЙ ПУТЬ КЫРГЫЗСКОЙ ПРЕССЫ, ПАРАЛЛЕЛЬНО ЗАРОДИВЩИЙСЯ С ГОСУДАРСТВЕННОСТЬЮ

# THE EVOLUTIONARY PATH OF THE KYRGYZ PRESS, WHICH AROSE IN PARALLEL WITH STATEHOOD

**Аннотация.** Макалада Кыргыз Республикасынын облус статусунан республика макамына ээ болгондон башталган кыргыз басма сөзүнүн калыптанышын жана эволюциясын тарыхий талдоо жүргүзүлөт. Мамлекетттүүлүктүн таңында басма сөз өзгөчө роль ойногону белгиленет. Себеби СССР мамлекетинин институционалданышы, идеологиялык багыттарынын калыптанышы жана жайылышын басма сөзсүз элестетүү мүмкүн эмес. Гезит ММКнын эң алгачкы формасы катары өз учурунда башкы модернизациялык каражат катары каралган. Жаны гана тушоосу кесилген республиканын телчигүү жолунда туташ сабатсыздыкты жойуу сыяктуу ары оор, ары түйшүктүү милдетти аткарууда басма сөз опол тоодой милдетти аткарганына басым жасалат.

**Негизги сөздөр:** басма сөз, сөз, маалымат, маалымат саясаты, тышкы саясат, ички саясат, полиграфия, суроо талап, облус, мамлекет, мамлекеттүүлүк, кыргыз тили, орус тили, өлкө, журнал, нуска, саясат, район, облус, макала, саясий процесстер, суроо талап, сунуш, обком, республика, кыргыз тили, орус тили, коллегия, кеңеш.

**Аннотация.** В статье дан исторический анализ становления и эволюции кыргызской прессы, начавшейся с обретением Кыргызской Республикой статуса республики. Отмечается, что на заре государственности пресса сыграла особую роль. Потому что невозможно представить себе институционализацию государства СССР, формирование и распространение идеологических направлений. Газета, как самая ранняя форма средств массовой информации, в свое время считалась главным средством модернизации. Подчеркивается, что пресса сыграла большую роль в решении задачи ликвидации безграмотности на пути развития только что появившейся республики.

**Ключевые слова**: пресса, слово, информация, информационная политика, внешняя политика, внутренняя политика, полиграфия, спрос, регион, государство, государственность, кыргызский язык, русский язык, страна, журнал, версия, политика, район, регион, статья, политические процессы, запрос, запрос, обком, республика, кыргызский язык, русский язык, коллегия, совет.

**Abstract**. In the article, there is a historical analysis of the formation and evolution of the Kyrgyz press, which began with the establishment of the Kyrgyz Republic as a republic. It is noted that the press played a special role at the beginning of statehood. Because it is impossible to imagine the institutionalization of the state of the USSR, the formation and spread of ideological trends. The newspaper, as the earliest form of mass media, was considered the main means of modernization in its time. It is emphasized that the press played a big role in solving the problem of liquidation of illiteracy on the path of development of the republic that died only.

**Key words**: press, word, information, information policy, foreign policy, domestic policy, printing, demand, region, state, statehood, Kyrgyz language, Russian language, country, journal, version, policy, district, region, article, political process, request, request, district committee, republic, Kyrgyz language, Russian language, collegium, council.

Кыргызстанда эң алгачкы гезиттердин жаралышы Кара-Кыргыз автономдуу облусунун түзүлүлүшү менен удаа керек болсо ага чейин эле болгон.

Мисалга Баткен облусунун Сүлүктү шаарынын «Шахтер жолу» гезити 2022-жылы 100 жылдыгын белгиледи. Аталган басылманын башкы редактору Г. Абдуназарова билдиргендей, гезит 1922-жылы 11-июлда «Сүлүктүлүк тоо жумушчусу» деген ат менен чыга баштаган. Бул мезгил аралыгында гезит бир нече аталыштарга ээ болуп, СССР тараганга чейин «Шахтер жолу» деген ат менен эки тилде чыгып жүрдү.

Жалпысынан алганда, Кыргыз жергесинде биринчи гезит 1913-жылы Каракол шаарында (мурдагы Пржевальск шаары) жарык көргөн. 1 миң нускада 16-18 бет болуп чыккан. «Пржевальский сельский хозяин» гезитинде айыл чарбасына байланыштуу материалдар жарыяланып турган. Гезиттин төрт саны чыккандан кийин жабылып калган [7].

Мурда жыл сайын совет доорунда 5-майда «Правда» гезитинин жарык көргөн күнү басма сөз майрамы катары белгиленип келген. Белгилей кетсек, 1993-жылдан бери Республикабызда маалымат жана басма сөз күнүн 7-ноябрда белгиленет. Бул кыргыз тилиндеги алгачкы басылманын - «Эркин Тоо» гезитинин (азыркы «Кыргыз Туусу» гезити) биринчи санынын 1924-жылы 7- ноябрда Ташкентте жарыкка чыккан күнү менен байланыштуу [2].

Кыргызстанда профессионал мезгилдүү басма сөздүн пайда болушу улуттук басма сөздүн жаралышы менен тыгыз байланышта.

Бирок, биринчи «Эркин Тоо» гезити жарыкка чыкканга чейин калктын сабаттуу бөлүгү тектеш тилдердин жазма булактарын, ошондой эле аймакка жайылган басма сөзү болгон «Туркестанский ведомости», «Семиреченский ведомости» сыяктуу басылмаларды пайдаланышкан. Эң алгач Кыргызстанда мезгилдүү басма сөздүн пайда болушу 1913-жылга туура келет, прогрессивдүү орус интеллигенциясынын өкүлдөрү тарабынан Пржевальский селолук советинде түптөлүп, 16-18 бет менен 1 миң нускада басылып чыккан. Төрт саны чыккандан кийин журналды басып чыгаруу айрым себептерден токтотулган. Дал ушул басылма Кыргызстандын тарыхында биринчи басма катары калган.

1914-жылы «Пишпек жарчысы» жеке менчик басмаканадан Пишпек шаарында чыга баштаган. Анда жарандардын сатуу-сатып алуу, суроо-талап жана сунуш маселелери боюнча кулактандыруулар берилип, оюндар сунушталган, ошондой эле башка булактардан алынган кабарлар, падышалык Россиянын тышкы жана ички саясаты, анын Орто Азияда жүргүзгөн саясаты жөнүндө материалдар жарыяланып турган [4]. 1916-жылы Чүй суу чарба конторасы «Телеграф бюллетень» гезитин чыгарган. Басма техникасынын

жана каражаттын жоктугунан бул басылмалар көп өтпөй эле жабылууга дуушар болгон. Кыргыз басмасынын жана полиграфиясынын тарыхы 1916-жылы П.А.Васильев Пишпектин батирлеринин биринде «Прогресс» басмасын негиздеп, «Окраина» гезитин чыгаргандан башталат. Гезит ээси 1918-жылдын башында Пишпек шаарынын Эл чарба Советине басылманы белек катары берген. 1919-жылы ушул эле газета «Красное знамя» деп аталып, Пишпек уездинин органы, 1920-жылдын апрелинен баштап РКП(б)нын жана РЛКСМдин уезддик революциялык органынын гезити болуп калган. 1920-жылдары комсомолдун Жети-Суу обкомунун органы болуп саналган «Жаш пролетарий» гезити чыга баштаган, кийин ал чоң атак-даңкка ээ болгон. Ага удаа эле жаңы гезиттер чыга баштайт: Токмокто «Вестник», Пржевальск шаарында «Голос Пролетариата» (айрым маалыматтар боюнча, 1918-ж. чыккан); 1922-23-жылдары Советтердин аткаруу комитетинин жана партиянын Пишпек уезд-шаардык комитетинин органы болгон «Красное утро» гезити чыккан [3]. 1922-жылы сентябрда Туркстан Компартиясынын уезддик-шаардык комитетинин жана уезддик революциялык комитеттин органы катары «Красная правда» гезити жарык көргөн. Гезиттер жаңы жашоого үндөшүп, Совет бийлигинин маанисин түшүндүрүп, бул басылмалардын позициясы, багыты так, ачык-айкын чагылдырылган. Басылмалар жалаң орус тилинде чыккандыктан, албетте, бүтүндөй калктын руханий керектөөсүн канааттандыра алган эмес. Ошондуктан, Алма-Атада жана Ташкентте басылып чыккан «Кёмек», «Тилши», «Жаңы өрүш», «Ак жол», «Жаш кайрат», «Сана», «Чолпон» басылмалары кыргыз колдонуучуларына багытталган жана башка түрк тилдери казак, татар тилдеринде жарык көргөн бул басылмаларда кыргыз тилинде С.Карачевдин, К.Тыныстановдун, Ж.Тулегабыловдун, О.Лепесовдун, К.Баялиновдун, Т.Жолдошевдин макалалары жарыяланып турган. Казанда, Уфада, Алма-Атада. чыккан басылмалардын айрымдары да кыргыздарга таандык болгон. Аларда кыргыздын алгачкы жазуучулары адабий кызматташ болуп иштешкен, алгачкы журналистиканын пайдубалын түптөшкөн.

1919-жылы Жети-Суу ревкомунун органы болгон «Кёмек» гезиттеринде С.Карачев, Түркстан обкомунун саясий бөлүмүнүн гезитинде К.Тыныстанов бөлүм башчылар жана редколлегия мүчөлөрү болушкан, РКП(б), Түркстан Аткаруу комитети жана Түркстан фронту «Жаңы Орюш» 1920-жылы, 1923-жылы «Ак жол», «Жаш кайрат», «Сана» газета-журналдарында да ошол мезгилдин интеллигенциясынын алдыңкы өкүлдөрү эмгектенишкен [4].

Борбордук Азия элдери бирдей өнүгүү жолуна түшкөн мезгилде социалдык, турмуштук жана коомдук-саясий зарылчылыктан улам жаңы медианы түзүүнүн өбөлгөлөрү пайда болот. РКП(б)нын 1925-жылдын 6-февралындагы «Партиялык басма сөздүн негизги милдеттери жөнүндө» токтомуна ылайык, Эл агартуу комиссариаты жана борбордук жана жергиликтүү биргелешкен басмалардын жетекчилиги жергиликтүү басма сөздү өнүктүрүү боюнча чараларды иштеп чыгууга милдеттендирилген улуттук басма сөздүн кызыкчылыктары жана суроо-талаптары эске алуу менен РКП(б) Борбордук Комитетинин 23.4.1924-жылдагы «Полиграфия жана басма ишине партиялык жетекчиликти күчөтүү жөнүндөгү» декрети чыгыш элдеринин менталитетинин өзгөчөлүктөрүнө ылайык келген басма сөз органдарын басып чыгаруу, басма сөз органдарын чыгаруу милдеттерин аныктаган. Окуу китептерин жана окуу куралдарын республикалардын жана областтардын жергиликтүү калкынын тилинде чыгаруу милдеттендирилген.

1922-жылы май айында болгон РКП(б)нын 13-съездинде «Басма сөз жөнүндө» токтом кабыл алынып, анда аймакттагы түпкүлүктүү элдин тилине мезгилдүү басылмаларды которууну аяктоо зарылчылыгы айтылган. Алардын тиражын көбөйтүү, газета-журналдар жана жалпы калк менен байланышты чыңдоо максат болгон. Ушул чаралардан кийин 1924-жылы Пишпекте редакциялык коллегия түзүлүп, «Газит жөнүндө» жобо бекитилет. РКП(б) нын Кара-Кыргыз обкомунун, областтык ревкомдун, областтын профсоюздар советинин, союздун жана комсомолдун обкомунун басма сөз органдары болууга тийиш деген саясий чечим кабыл алынгандан кийин улуттук Араб графикасынын негизиндеги алфавитте 1924-жылы 7-ноябрда Ташкентте кыргыз тилиндеги «Эркин Тоо» гезитинин биринчи саны жарык көргөн [5]. Ага Кара-Кыргыз обкомунун илим комиссиясы кол койгон. Токтомго ылайык газетанын биринчи редактору болуп Э.Алиев бекиген. Бул санда Илим боюнча комиссиянын төрагасы Э.Арабаевдин гезиттин тарыхый маанисин аныктаган макаласы, А.Токомбаевдин "Октябрдын келген кези" поэмасы, башка макалалар жана ар кандай маалыматтык макалалар басылган. Гезиттин жооптуу катчысы болуп С.Карачев дайындалса, редакциялык курамына ошол кезде Ташкенттен билим алышкан М.Салихов, К.Карасаев, М.Акматов, С.Тлеубергеновдор дайындалган. 1925-жылдын жай айларынан тартып газета Фрунзеде чыга баштаган. Улуттук тилдеги биринчи басылма катары сабатсыздыкты жоюу үчүн күрөшкө эбегейсиз салым кошкон, окуу-тарбия иштеринде, көркөм адабиятты, публицистиканы өнүктүрүүдө зор роль ойногон. Кезинде «Эркин Тоо» мугалимдер үчүн окуу китеби катары да кызмат кылган.

Тап күрөшүнүн жана коллективдештирүү мезгилинде «Эркин-Тоо» гезити жаштарды тарбиялоодо, агартуу иштерин агитациялоодо жана жайылтууда баа жеткис жардам көрсөткөн. 1927-жылы 20-августта Кызыл Кыргызстан, кийин Советтик Кыргызстан, 1991-жылдан Кызыл Туусу деп аталып калган. Гезит иштеп жаткан мезгилде анын башкы редакторлору К.Тыныстанов, Б.Исакеев, Ш.Кекенов, К.Рахматуллин, А.Токомбаев, М.Абдукаримов, К.Каракеев, Т.Усубалиев, Ж. Субанбердиев, Н.Жаналиев, А.Абакиров, Ж.Турсунов, Т.Ишемкулов, А.Матисаков, Б.Орунбеков жана башкалар редакторлук кызматтарды аркалашкан.

1925-жылдын 12-мартында «Батрацкая правда» гезитинин биринчи саны чыгып, июль айында «Дыйкан жолу» деп аталып, 1927-жылдын башында «Советская Киргизия» деп кайра аталган. 1926-жылдын 7-ноябрында жаштардын «Ленинчил жаш» гезити чыга баштаган, анын биринчи редактору Х.Жээнбаев болгон. 1991-жылы «Жаштык жарчысы» деген ат менен чыгып, кийин «Асаба» деген жаңы аталышка ээ болгон. Убагында бул гезиттин редакторлору болуп Ж.Бөкөнбаев, Ж.Турусбеков, А.Убукеев, Т.Шамшиев, А.Айтбаева иштешкен. Газет жаштарды тарбиялоодо, элди үгүттөөдө, комсомолдук кыймыл, аскердик-патриоттук тарбиялоодо, журналисттердин бир катар муундарын калыптандырууда эбегейсиз роль ойногон. 1926-жылы ВЦСПСтин Кыргызстан обкомунун аткаруу бюросунун чечими менен ай са- йын чыгуучу «Коммунист» журналы чыга баштаган, кийин ал «Коммунист Кыргызстан» деп аталып калган [1]. 1928-жылдын 5-майында «Жаңы маданият жолунда» илимий-педагогикалык жана адабий журнал негизделген. Анын биринчи редактору К.Тыныстанов болгон. Калкты сабаттуулукка үйрөтүүдө, мугалимдерге методикалык жардам көрсөтүүдө, илимди өнүктүрүүдө бул журналдын өзгөчө эмгеги бар. Ошол эле жылдын

октябрь айында айыл чарба кызматкерлери үчүн «Дыйкан» («Дехканин») журналы жарык көргөн. 1930-жылдары кыргыз жана орус тилдериндеги гезит-журналдардын мазмунунун сапаттык деңгээли жогорулап, аларда көтөрүлгөн маселелер окурмандардын колдоосуна ээ болгон. Жумушчу табынын жана дыйкандардын өкүлдөрүнүн арасында чыгармачылык активдүүлүк көрүнө баштайт, газетанын коллективинен кийин республикага белгилүү адамдар өсүп чыкты. Басылмалардын саны көбөйдү. «Кызыл Кыргызстан» газетасынын тиражы 1150, «Советская Киргизия» 15000 нуска. Ошол эле жылы район аралык маанидеги гезиттер: Караколдо «Жаңы айыл», Ошто «Кызыл пахтачы». Бул гезиттерге тажрыйбалуу журналисттер С.Карачев, С.Саспаев, А.Убукеев, Т.Кекиликовдор жиберилип, түзүлүп жаткан мезгилде мыкты профессионалдык жардам көрсөтүлгөн. Көп өтпөй Жалал-Абад, Сүлүктү, Талас, Нарын облустарында да көп нускалуу гезиттер чыгып баштайт. Жер-жерлерде басмалар биринин артынан бири түзүлүп, зарыл техникалык жабдуулар менен камсыз кылынып турган. Билим берүү тармагына көмөк көрсөтүү максатында 1930-жылы "Сабаттуу бол" гезити жарык көргөн. Анда кыргыз грамматикасынын маселелерин козгогон материалдар жарык көргөн, окуу программаларына оңдоолор киргизилген, окуу тексттеринин жыйнактары жарык жарыяланып, көркөм чыгармалар басылган ж.б.

Анын биринчи редактору А.Токомбаев болгон, журнал Кыргыз ССР Маданият министрлигинин жана Жазуучулар союзунун органы болгон. Журналдын башкы редакторлору болуп ар кайсы мезгилде К.Баялинов, Ж.Бөкөнбаев, Т.Үмөталиев, К.Маликов, М.Жангазиев, С.Жусуев, О.Орозбаев, Ш.Укаев, К.Жусупов жана башкалар болушкан. Кыргыз адабиятынын, маданиятынын жана агартуусунун өнүгүшүнө зор салым кошкон, кыргыз жазуучуларынын жаңы чыгармаларын жайылтууда да чоң роль ойногон. 1932-жылдын январында дунган тилинде саясий, эл аралык, тарыхый мааниге ээ болгон «Дун хуашир» («Чыгыш учкуну») газетасы жарыкка чыгат. 1933-жылы "Кыргызстан пионерлери" гезитинин биринчи саны жарык көргөн. 1934-жылы октябрда Кыргыз АССРинин Эл Комиссарлар Совети республикалык газета-журналдарды басып чыгарууга тийиш болгон «Кызыл Кыргызстан» басмасын уюштуруу жөнүндө токтом кабыл алган. Журналисттерди даярдоо, алар үчүн атайын курстарды ачуу, жөндөмдүү чыгармачыл жаштарды Москвага, Ташкентке, Алма-Атага окууга жөнөтүү эң курч маселелер болду. 1937-жылдын башында республикалык 7 газетанын жана 3 журналдын жалпы тиражы 100 мин нускадан ашык болгон. 38 райондук газета 45500 нускага жеткен. 1938-жылы «Комсомолец Киргизии» газетасынын биринчи санынын чыгышы менен жаштардын проблемаларынын бири чечилген. Буга байланыштуу 4 адм. райондук, Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитети кыргыз, орус жана езбек тилдеринде айрым газета-журналдарды чыгаруу жөнүндө токтом кабыл алды. Орус жана кыргыз тилдеринде «Кыргызстандын социалисттик мал чарбасы», «Советская Киргизия» деген илимий-популярдуу журналдар чыга баштады, аларда республиканын маанилүү тармактарынын проблемалары каралып, адистер өздөрүнүн кенештерин берип, окурмандарга професионалдык жоопторду берип туруу мүмкүнчүлүгү түзүлгөн [8].

1940-жылга чейин республиканын турмушунда саясий-тарбиялык мааниге ээ болгон кирилл алфавитине өтүү боюнча кыргыз басмасы түшүндүрүү функциясын өзүнө алган. 1940-жылдары жалпы тиражы 192 миң нуска менен 69 гезит чыккан. Анын ичинен кыргыз

тилинде жалпы тиражы 110 000 нуска менен 43 газета-журнал; Тиражы 233 мин нуска менен 12 журнал, анын ичинен 6 журнал 175 мин нуска менен басылып чыкты.

Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарында «Советтик Кыргызстан» жана «Советская Киргизия» газеталарынын башкы басма сездеру аскердик-патриоттук тарбиялоодо, материалдык жана духовный кучтерду фронттун муктаждыктарына мобилизациялоодо зор роль ойношкон.

Алар жоокерлердин жана тылдын эмгекчилеринин духун чындоого кызмат кылып, элди женишке шыктандырды [9].

1946-1950-жылдары Кыргызстанда 5 республикалык, 10 облустук, 70 райондук жана шаардык гезиттер чыгып, алардын жалпы тиражы 160 миң нускага жеткен. Алардын ичинен «Коммунист», «Агитатордун блокноттору», «Мугалимдерге жардам берүү үчүн» кыргыз жана орус тилдеринде жарык көргөн, саясий, коомдук жана методикалык мүнөздө болгон. 1951-жылы март айында «Кыргызстан аялдары» журналы, 1952-жылы «Жаш Ленинчи», 1954-жылы «Литературный Киргизстан» журналы, 1955-жылы «Кыргызстандын айыл чарбасы» журналы, «Чалкан» сатиралык журналы чыга баштаган. Маданий-агартуу тармагынын кызматкерлери үчүн «Учительская газета» (1953, апрель) гезити чыга баштайт. Согуштан кийинки жана 50-жылдардагы массалык-маалымат каражаттары мезгил менен доорду, коомдун ар кыл чөйрөлөрүндөгү өзгөрүүлөрдү чагылдырууда, жаштарды тарбиялоодо, окурмандардын руханий дүйнөсүн байытууда олуттуу ийгиликтерге жетишти. 1960-жылдары республиканын басма сөзү жаңы маалымат каражаттары менен толукталат.

1960-жылдан саламаттыкты сактоо маселелерин чагылдырган «Ден соолук» журналы чыга баштаган, «Кыргызстан маданияты» газетасы Кыргыз ССР Маданият Министрлигинин жана Жазуучулар союзунун бир органы болуп калган, бул республиканын коомдук турмушундагы маанилүү маданий окуя болгон.

"Кыргызстан маданияты" жумалыгы республиканын адабий-маданий турмушуна сереп салып, адабият менен искусствонун актуалдуу маселелерин, актуалдуу проблемаларын карап, жазуучулардын, маданият жана илим кызматкерлеринин чыгармачылык жактан өнүгүшүнө салым кошкон. Бул кызматта гезиттин биринчи башкы редактору М.Жангазиев болсо, кийин С.Наматбаев, Ж.Садыков, А.Жакыпбеков, Н.Капаров ж.б эмгектенишкен.

1970-жылдары басылманын тарыхында олуттуу өзгөрүүлөр болгон. 1974-жылы шаардык «Вечерний Фрунзе» (азыркы «Вечерний Бишкек») гезити чыккан. 1977-жылы балдар үчүн «Байчечекей» журналы чыккан. Ошол эле мезгилде «Народное просвещение» (мурдагы «Мугалимдерге жардам» журналы), [8]., «Илимдеги жана техникадагы жаңылыктар», «Кыргызстандын пропагандисти жана агитатору», «Кыргыз мектебинде орус тили жана адабияты», «Экран» ж.б., 1983-жылдан бери Кыргыз ССРинин КП БКнын ведомстволук «Ала Тоо» басмасы, Ош областынын басмалары кыргыз, орус, өзбек жана дунган тилдеринде 8 республикалык, 8 областтык, 52 райондук, 1 шаардык кечки жана жалпы тиражы 2 миллион экземплярдуу көп тираждуу 40 газета, 16 журнал, 10 ар түрдүү басма, 1985-жылы Фрунзеде 16 журнал, ошондой эле 14 газета: анын 8и республикалык, 1 шаардык, 5 гезит чыккан. Демек мезгилдүү басма сөз Кыргызстан мамлекетинин калыптанышынан баштап анын ишенимдүү жандоочу болуп келгенин баса белгилөө маанилүү [2].

Жыйынтыктап айтканда гезиттер жаш Кара-Кыргыз Автономдуу Респу-

бликасынын калыптанышында жана чындалышында ары ишенимдүү, ары маанилүү идеологиялык курал катары опол-тоодой кызмат кылганы тарыхый чындык.

**Адабияттар:**


1. Алексеева А.М. “четвертый сектор в советском союзе” и Власть // Общественные науки и современность. М., 2000.-№4. - С. 52.
2. Сыдыкбаев Ч.М, Ысырайылова Н.С, Азыркы коомдогу массалык маалымат каражаттарынын ролу. КРнын УИАнын Жарчысы, 2018 №3.
3. Советы народных депутатов: исторические документы по проблемам СМИ. СПб.,1989.С24.
4. Чичановский А. СМИ и власть// Диалог.1995№5/6.С.27-32.
5. Солодухин Ю.Н. Советские СМИ: являются ли они «четвертой властью?» // Средства массовой информации в политических технологиях.М.,1994.С.10.
6. Исхаков Р.Л. «Четвертая власть»: Массовая информация в реализации политической власти в посттотаталитарном обществен// Современная журналистика. Екатеринбург, 1999.С.10
7. Орунбеков Б. Советтик кыргыз журналистикасы. Бишкек., 2022ж. https://www.azattyk.org/a/ideyaga-bashyn-saygan-aydyngdar-kara-kyrgyz-avtonom-oblusunun-tuezuelueshue-/32769920.html https://oshshamy.kg/?p=5206.